КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ
ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ
КЫЗЫЛ-СУУ АЙЫЛДЫК
КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ДЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН
КЫЗЫЛ-СУЙСКИЙ АЙЫЛЬНЫЙ
КЕНЕШ

"29" 09 2023-ж №231 Кызыл-Суу айылы

**Эл депутаттарынын Кызыл-Суу айылдык Кенешинин XXVIII чакырылышынын кезексиз 25 - сессиясынын**

# ТОКТОМУ

**Кызыл-Суу айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 2023-жылдын жергиликтүү бюджетине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө.**

Кызыл-Суу айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 2023-жылдын жергиликтүү бюджетине Кыргыз Республикасынын бюджеттик кодексинин VI-бөлүмүнун "Бюджет аралык мамилелер", 8-главасындагы "Бюджет аралык мамилелердин жалпы жоболору жана принциптери", 44-беренесинин 4-пунктуна ылайык, айылдык кенешинин "Бюджет жана финансы маселелери" боюнча туруктуу комиссиясынын кароосунда каралып, Кызыл-Суу айыл аймагынын айыл өкмөтүнун башчысы Р.Эшмамбетовдун сунушун угуп жана талкуулап айылдык кенешинин сессиясы

## ТОКТОМ КЫЛАТ.

1.Кызыл-Суу айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 2023-жылдын жергиликтүү бюджетине Кыргыз Республикасынын бюджеттик кодексинин VI-бөлүмүнун "Бюджет аралык мамилелер", 8-главасындагы "Бюджет аралык мамилелердин жалпы жоболору жана принциптери", 44-беренесинин 4-пунктуна ылайык, 2023-жылдын 9 айынын жыйынтыгы менен кирешелердин чыгашалардан ашык түшкөн төмөндөгү акча каражаттарын

1.Бирдиктүү салык декларациясын берүүдөн түшүүчү киреше салыгынын ашык түшкөн -1000,7 мин сом
2.Транспорт каражаттары салыгынан ашык түшкөн -148,6 мин сом
3.Үйдүн тегерегиндеги жерлерден алынуучу салыктан ашык түшкөн -32,0 мин сом
4.Айыл чарба багытындагы жерлердин жер салыгынын ашык түшкөн-62,7 мин сом
5. Роялти (жер казынасын пайдалануудан ашык түшкөн -56,0 мин сом
6.Таштанды чыгарууда түшүүчү жыйымдардан ашык түшкөн -18,9 мин сом
7.Айыл чарба багытына кирбеген жерлерди сатуудан түшкөн -124,3 мин сом
8. Башка түшүүлөр -290,8 мин сом

**Баардыгы: 1734,0 мин сом**

Төмөнкү бөлүмдөргө каржылоо үчүн киреше бөлүмүнүн кошумча планын көбөйтүп берүү жагы Кыргыз Республикасынын каржы министрлигинин Жети-Өгүз райондук башкармалыгынан суралсын:

| № | Иш чаралар | Функциялдык классификациясы | Элемент | Сумма сом |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Дүйнөлүк банктын колдоосу менен Кирпичный айылындагы мурдагы башталгыч мектептин имаратын балдар бакчасы үчүн пайдаланууга реконструкция иштерине айыл өкмөтүнүн өздүк салымы (айланасын курчоо, тегиздөө, санитардык жактан тазалоо, трансформаторду жылдыруу жана башка жумуштарга) | 70911 “Балдар бакчасы” | 22154900 “Башка чыгымдар” | 470,5 мин сом |
| 2 | Дүйнөлүк банктын колдоосу менен мурдагы “Солнышко” балдар-бакчасынын ремонттоо реконструкция иштерине айыл өкмөтүнүн өздүк салымы | 70911 “Балдар бакчасы” | 22154900 “Башка чыгымдар” | 139,6 мин сом |
| 3 | Резервдик ротага аскердик кийим сатып берүүгө | 70111 “Аппарат” | 22231100 “Аскердик кийим сатып алууга” | 90,0 мин сом |
| 4 | Айыл өкмөтүнүн “ЖКХ” тармагы башка кошумча жумуштарды жүргүзүүгө | 70629 “ЖКХ” | 22154900 “Башка чыгымдар” | 1033,9 мин сом |
| **Баардыгы айыл өкмөт боюнча** | | | | **1734,0 мин сом** |

2.Айыл өкмөтүнүн башчысы Р.Эшмамбетовго жана финансы-экономика бөлүмүнүн башчысы К.Казыбековго жогоруда бөлүнгөн акча каражаттарын максаттуу чыгымдоо жагы милдеттендирилсин.

3.Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык Кеңештин бюджет жана финансы маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы Р. Иманалиевге жана айыл өкмөтүнүн башчысы Р.Эшмамбетовго тапшырылсын.

**Айылдык кеңештин төрайымы** **Г.Чыныбаева**